КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ №11

## 2021-жылдын 8-14-ноябры

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бишкек-2021

**Францияда шайлоо фондуна акча салган адамдар тууралуу ачык маалымат жок деди Европарламент депутаты**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы Н.Шайлдабекова Европарламенттин депутаттары – Европарламенттин Борбордук Азия өлкөлөрү жана Монголия менен достук тобунун төрагасы Фульвио Мартушелло жана бул топтун мүчөсү Тьерри Мариани менен жолугушту.

Н.Шайлдабекова Кыргызстандагы шайлоо процесси тууралуу маалымат берип, 2021-жылдын 28-ноябрына белгиленген парламенттик шайлоо өлкөдөгү саясий стабилдештирүүнүн акыркы этабы экенин белгиледи.

Парламентти шайлоонун жол-жобосун кароодо КР БШК демократиялык шайлоолордун эл аралык стандарттарын, анын ичинде шайлоону инклюзивдүүлүк менен өткөрүүгө байланышкан стандарттарды сактоого багытталган чараларды сунуштады. Аралаш шайлоо системасы өлкөнүн өнүгүүсүнүн азыркы этабында өтө маанилүү болгон парламенттин өкүлчүлүктүү ролун күчөтүүгө багытталган.

Бир мандаттуу округдар боюнча 36 депутатты шайлоо аймактардын парламенттеги өкүлчүлүгүн камсыз кылууга, 54 депутатты партиялык тизме менен шайлоо саясий жана социалдык топтордун өкүлчүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Депутаттыкка талапкерлерди көрсөткөн партиялар бир гана субъект болуп, аялдардын, жаштардын, этникалык азчылыктардын жана майыптардын өкүлчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча партия 27ден ашык эмес мандат ала алат.

2014-жылдан бери жүргүзүлүп келе жаткан реформанын жүрүшүндө Кыргызстанда эки технологияны - шайлоочулардын биометрикалык идентификациясын жана кол менен эсептөөнүн алдын ала көзөмөл куралы катары добуштарды автоматтык түрдө эсептөөнү киргизүүнүн аркасында добуштарды эсептөөнүн абсолюттук ишенимдүүлүгүнө жетишилди.

Шайлоочулардын добуштарын эсептөөнүн жана добуштарды саноонун тактыгы жарандык көзөмөлдүн бир катар инструменттери менен жөнгө салынат. Бул бөлүктө реформа өз максатына жетти.

Үстүбүздөгү жылдын шайлоо өнөктүгүн даярдоо жана өткөрүү процессинде КР БШК шайлоонун ачыктыгын жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу боюнча төмөнкү чараларды көрдү: шайлоонун ачык-айкындуулугунун жана ишенимдүүлүгүнүн жетишилген деңгээлин сактап калды, паракорчулукту жана административдик ресурсту колдонуу маселесин чечип, укук коргоо органдары тарабынан мыйзам бузууларды кароодо тандалма мамилени жокко чыгарууга жетишти.

Реформа процессинин жүрүшүндө КР БШК эл аралык өнөктөштөр тарабынан олуттуу колдоого, анын ичинде 2015-2019-жылдары “Шайлоо системасын реформалоо аркылуу демократияны бекемдөө” программасы боюнча каржылык макулдашуунун алкагында колдоого ээ болду. Ишке ашыруу мезгилинде ачык-айкындуулук, инклюзивдүүлүк, жарандарды биометрикалык каттоонун абалын жакшыртуу боюнча чаралар ишке ашырылды. Маселен, шайлоочулардын тизмеси дээрлик 1 миллион шайлоочуга көбөйгөн.

Европарламенттин депутаттарын Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн дайындоо, даттанууларды кароо тартиби, шайлоо процессин каржылоо, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана пайдалануу маселелери кызыктырды.

Европарламенттин депутаттары Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына, тактап айтканда, үстүбүздөгү жылдын 28-ноябрында боло турган КР ЖК депутаттарын шайлоолордо Европа өлкөлөрүндө али колдонула элек бир катар ачык чараларды камтыганына таң калганын билдиришти.

Европарламенттин мүчөсү Тьерри Мариани: "Сиздер Франциядан да алдыга кетипсиздер, Францияда депутаттыкка талапкердин шайлоо күрөөсүнө акча салган адамдар тууралуу ачык маалымат жок" деди.

**Миссию СНГ информировали об особенностях парламентских выборов в Кыргызстане**

Председатель Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики Н.Шайлдабекова встретилась с представителями Миссии Содружества Независимых

Государств - начальником отдела Исполкома СНГ Евгением Козяком и советником Исполкома СНГ Олегом Кулебой.

Председатель ЦИК КР информировала относительно особенностей предстоящих парламентских выборов, назначенных на 28 ноября 2021 года, результатов реформирования избирательной системы республики, новшеств выборного законодательства Кыргызстана.

Акцент был сделан на агитационной кампании, которая проходит с 29 октября по 27 ноября 2021 года. В настоящее время наступает важный агитационный этап – дебатный. Впервые на региональных телеканалах пройдут теледебаты по 36 одномандатным избирательным округам. Это также является отличительной чертой выборов, поскольку, по опросам, избиратели ожидают дебаты как основной источник информации о кандидатах.

Дебаты между партиями пройдут в три этапа на двух нац иональных телеканалах – ЭлТР (молодежные и женские дебаты) и КТРК (между лидерами партий).

ЦИК КР готовит большой тираж материалов о кандидатах по одномандатным избирательным округам и со списками кандидатов от политических партий, которые будут распространены по всем регионам. Также функционирует сайт "Талапкер", где уже размещена полная информация об избирательных фондах кандидатов и партий.

Информация по поступлению и расходованию средств избирательных фондов поступает из банков в автоматическом режиме и сразу отображается на сайте Центризбиркома. Это является еще одним новшеством выборной кампании – автоматизация банковских операций.

Новацией также является введение нормы, по которой кандидаты, являющиеся политическими служащими, за исключением депутата Жогорку Кенеша или Президента, депутата местного кенеша; руководителем государственного, муниципального предприятия, учреждения, предприятия с долей государственного (муниципального) участия более 30 процентов и их подразделений, прекращают исполнение должностных или служебных полномочий с момента выдвижения на выборах в Жогорку Кенеш. Кандидаты, являющиеся государственными служащими, независимо от вида государственной службы (гражданская, военная, правоохранительная, дипломатическая), муниципальными служащими, работниками средства массовой информации приостанавливает исполнение должностных или служебных полномочий с момента выдвижения на выборах в Жогорку Кенеш.

На данное время поступило в ЦИК КР 56 обращений по нарушениям, некоторые их них дублируются. Работают координационные группы оперативного реагирования с включением председателей окружных и территориальных избирательных комиссий, всех уровней правоохранительных органов. Это позволило обеспечить взаимодействие комиссий и правоохранителей, все поступающие сигналы анализируются в секретариате, определяется компетенция органа, который должен рассматривать сигнал по месту нарушения, по итогам расследования информация предоставляется в секретариат.

Жалобы по кандидатам и политическим партиям рассматривает Центральная избирательная комиссия, со стороны иных субъектов – жалобы рассматриваются по территориальности избирательными комиссиями.

"Миссия СНГ приступила к работе, принимают участие представители Межпарламентской Ассамблеи, планируется участие порядка 120 наблюдателей, начал работу штаб Миссии. Это 15 миссия в Кыргызстан и 115 миссия на пространстве Содружетства", - отметил Евгений Козяк.

### БШК жана БУУӨП жарандык билим берүү программалары боюнча кызматташууну талкуулады

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.Шайлдабекованын БУУӨПтүн шайлоо маселелери боюнча Улук кеңешчиси Риса Араи менен жолугушуусу болду.

КР БШК төрагасы «Бир шайлоочу – бир добуш» принциби боюнча

добуш берүүнүн жыйынтыгын эсептөөнүн ишенимдүүлүгүн камсыздоодо алдыда күтүлгөн парламенттик шайлоонун өзгөчөлүктөрү, аралаш шайлоо тутуму, реформалоодо жетишкен жыйынтыктар тууралуу айтып берди. Жаңы шайлоо тутуму аймактардын, ар кыл саясий жана социалдык топтордун өкүлчүлүгүн камсыздайт, чечим чыгарууда аялдардын, жаштардын, этникалык азчылыктын, майыптыгы бар адамдардын катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

Ошондой эле 2021-жылдын 28-ноябрына белгиленген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого карата даярдык көрүүнүн алкагында шайлоо алдындагы үгүттөө этабы башталгандыгы тууралуу да айтылды.

Жолугушууда шайлоонун ар кыл этаптарында БУУӨПтүн, Япония, Германия, Швейцария өнөктөштөрүнүн колдоо көрсөткөндүгү баса белгиленип, кызматташуунун ар бир багыты жемиштүү жүрүп жаткандыгы, алдыга коюлган максаттар ишке ашырылгандыгы айтылды.

2021-жылдагы парламенттик шайлоого даярдык көрүүнүн алкагында эң маанилүү болуп БУУӨПтүн аймактык телеканалдарга колдоо көрсөтүүсү эсептелет, алар биринчи жолу бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн талапкерлер үчүн теледебаттарды өткөрүшөт, мындай теледебаттарды өткөрүү үчүн аларга техникалар сатылып берилди.

Кеңири масштабдагы маалыматтык өнөктүктү өткөрүүнүн алкагында күч-аракеттин баары шайлоо эркиндигин камсыздоого багытталгандыгы айтылды, анткени, шайлоочулардын маалыматка ээ болуусу жана түшүнүүсү эркин шайлоонун маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Мына ушуга байланыштуу, КР БШК шайлоочуларга ар кыл форматта маалымат берүүнү уюштурду, ошондой эле талапкерлер тууралуу чоң тираждагы басылма продукциясы даярдалууда. Боршайкомдун сайтында талапкерлер жана саясий партиялар, ошондой эле шайлоо фонддорунун каражаттарынын кирешеси жана чыгымдары тууралуу автоматтык режимде жаңыланып туруучу маалыматты камтыган бөлүм иштейт. Бул жерде, ошондой эле партиялардын жана талапкерлердин программалары жайгаштырылган.

Риса Араи демократиялык шайлоолорду камсыздоо боюнча КР БШК жасаган иштерин белгилеп кетти. Шайлоо мыйзамдарын, жарандык билим берүү программаларын жакшыртуунун алкагында кызматташууну улантуу тууралуу да сөз болду.

## БШКда Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору ачылды

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясында Жаштардын бүткүл дүйнөлүк күнүнө карата Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору ачылды.

Иш-чарага КР Мамкатчысы С. Касмамбетов, БШК төрагасы Н. Шайлдабекова, ЕККУнун Бишкек шаарындагы программалык кеңсесинин башчысы А. Рогов, БУУнун Өнүктүрүү программасынын КРдеги туруктуу өкүлү Луиз Чемберлен, Швейцариянын КРдеги элчиси Оливье Бангертер, Шайлоо тутумдарынын эл аралык фондунун КРдеги өкүлчүлүгүнүн директору Рената Левовски, ошондой эле ЖМК жана КР маморгандарынын өкүлдөрү катышты.






“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун ачылышы Борбордук шайлоо комиссиясы үчүн эле эмес, жалпы эле бүт өлкө үчүн абдан чоң мааниле ээ. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 48-беренесине ылайык мамлекет жарандардын укуктук маданиятын жана укуктук аң-сезимин жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт.

Жарандык билим берүү өлкөнү өнүктүрүүдө маанилүү роль

аткарат, анын багытына таасир этет жана коомдо басымдуулук кылган баалуулуктарды аныктайт. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин (2021-жылдын 29-январындагы ПЖ № 1) эң алгачкы Жарлыгын ишке ашыруу алкагында Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция бекитилген.

Өлкө Президенти бекиткен Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциянын негизги милдеттеринин бири – өсүп келаткан муунга заманбап демократиялык принциптерге, адам укуктарын урматтоого жана коргоого негизделген жарандык компетенттүүлүктү, демократиялык маданиятты, өлкөнүн саясий турмушуна конструктивдүү катышуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багыт берүү”, - деди С.Касмамбетов.

БШК төрагасы Н. Шайлдабекова колдогондугу үчүн ЕККУга, БУУӨПкө, Шайлоо тутумдарынын эл аралык фонду (IFES) атынан чыккан USAIDге, Швейцариянын, Германиянын, Япониянын, Түштүк Кореянын өкмөттөрүнө, Кореянын эл аралык кызматташуу боюнча агенттигине (KOICA) ыраазычылык билдирди. ЖББнын тутумдуу жана максатка багытталган иши укук мамлекетин курууга көмөктөшөөрүнө ишенгендигин айтты.

“Жарандык билим берүү борбору өткөрүлүп жаткан парламенттик шайлоонун алкагында өз ишин баштады. Борбордун иши демократиялык негиздерди бекемдөөгө, шайлоонун укуктук жана саясий маданиятын, башкаруу институттарына ишенимди арттырууга, өлкөнүн турмушуна жана аны өнүктүрүүгө катышууга жарандарды жана жарандык коомду жигердетүүгө көмөктөшүүгө тийиш.



Шайлоого тийиштүү маселелер тууралуу жарандардын кабардар болуусун жана аларды түшүнүүсүн жакшыртуу демократиянын жана шайлоо эркиндигинин чечүүчү көрсөткүчү болуп саналат. Жарандык билим берүү борборунун милдети – шайлоо процессинин ар түрдүү катышуучуларын агартуу, аларды окутууну уюштуруу, Кыргыз Республикасындагы шайлоо технологияларына байкоо жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү. ЖББнын иши Кыргыз Республикасынын баардык социалдык катмарларына жана калкынын жаш курак топторуна багытталат. Борбор жарандык коомдун уюмдары, билим берүү мекемелери, эксперттер коому жана эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттешүүнүн натыйжасында ачылды.

Жарандык билим берүүнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору түрүндөгү институт менен тутумдалышы тарбиялоо, билим берүү маселелерин укуктук өнүттөр менен интеграциялоого мүмкүнчүлүк түзөт деп ишенем”, - деди ал.

ЕККУнун Бишкек шаарындагы программалык кеңсесинин башчысы А.Рогов түзүлүп жаткан борбордун уникалдуу экендигин белгиледи.




“Жарандык билим берүү борборунун уникалдуулугу шайлоочулардын бардык категориялары, анын ичинде майыптыгы бар адамдар үчүн анын ишине толук баалуу катышуусуна мүмкүнчүлүк түзүлгөнүндө турат. Борбордун бөлмөлөрү жарандардын баардык категорияларынын муктаждыктарын эске алуу менен акыркы технологиялар боюнча жабдылган жана бетме-бет түрүндө да, онлайн таризинде да окутууну натыйжалуу өткөрүүгө шарт түзөт. Бул борбор жаңы социалдык долбоорлорду ишке ашыруучу жай болушу керек”, - деди ал.

“Жарандык билим берүү борбору жарандардын өлкөнүн саясий жана шайлоо тутумун түшүнүүсүн жакшыртууда тездеткич роль ойнойт деп биз ишенебиз. БУУӨП БШКнын демилгелерин мындан ары да колдоого жана жарандык билим берүүнүн комплекстүү тутумун түзүү үчүн баардык тийиштүү кызыкдар улуттук уюмдар менен иштешүүгө даяр” – деп белгиледи БУУнун Өнүктүрүү программасынын КРдеги туруктуу өкүлү Луиз Чемберлен.




Швейцариянын КРдеги элчиси Оливье Бангертердин айтымында Швейцария өкмөтү Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумун реформалоо жаңыдан башталгандан тартып эле шайлоонун аныктыгын жана айкындуулугун камсыздоочу жаңы технологияларды киргизүүнү колдоп келатат. Учурда Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун калыптануусуна, шайлоонун инклюзивдүүлүгүн арттырууга, шайлоо процессинин катышуучуларынын кабардар болуусун кеңейтүүгө багытталган иш-чараларды уюштурууга көмөк көрсөтүүдө.

Шайлоо тутумдарынын эл аралык фондунун КРдеги өкүлчүлүгүнүн директору Рената Левовскинин айтуусу боюнча Кыргызстанда мындай биринчи борбордун ачылышы Кыргызстандагы шайлоонун айкындуулугун жана эркиндигин күчөтүү жолундагы маанилүү кадам болуп саналат.



“IFES бүт дүйнө боюнча жарандык билим берүүгө көңүл бурат, себеби бул шайлоону адил жана ачык-айкын өткөрүүгө өбөлгө түзөт, шайлоо процессинин бүтүндүгүн камсыздоого чоң таасир этет. Мындай борборлорду ачуу шайлоону башкаруу органдарына коомчулуктун ишенимин арттыраарын жана бекемдээрин дүйнөлүк тажрыйба көрсөтүүдө. 1987-жылдан тартып IFES дүйнөнүн 145 өлкөсүндө, анын ичинде Кыргызстанда шайлоо практикаларынан өз тажрыйбасын топтоодо. Интерактивдүү усул аркылуу биз татаал нерселер – шайлоо процесси, шайлоо реформасы, шайлоонун эл аралык стандарттары жөнүндө айтып беребиз. Кыргызстанда биз жарандык билим берүү чөйрөсүндөгү долбоорлорду ишке ашырабыз, шайлоо комиссияларынын даражетин жана өнүгүүсүн чыңдайбыз, аялдардын, жаштардын, майыптыгы бар шайлоочулардын шайлоо укуктарын колдойбуз”, - деп айтты ал.

**Facebook: Биздин кызматташтыгыбыз КР БШКнын муктаждыктарына колдоо көрсөтүү үчүн улана бермекчи!**

2021-жылдын 9-ноябрында Кыргызстандын Борбордук шайлоо комиссиясында Борбордук Азияда Facebookтун программаларын жана аспаптарын жүзөгө ашырууга жооптуу болгон өкүлдөрү менен онлайн-жолугушуу болуп өттү.

Жолугушуу БУУӨПтүн Кыргыз Республикасындагы офисинин колдоосу менен «Жарандык интернет саясат» КФ тарабынан уюштурулду.

Өзүнүн куттуктоо сөзүндө КР БШК төрагасы Нуржан Шайлдабекова 2020-жылы болуп өткөн шайлоолордо **натыйжалуу** кызматташуу көрсөткөндүгү үчүн Facebookка ыраазычылыгын билдирди.




«Социалдык тармактар бүткүл дүйнө жүзү боюнча, анын ичинде Кыргызстанда да, шайлоо өнөктүктөрүн өткөрүүдө маанилүү роль ойноп келет. Алар баарлашуунун жана маалыматты таркатуунун маанилүү каражаттары болуп эсептелет. Андыктан, биз Facebook тармактары тарабынан буга чейин жасалган кадамдардын канчалык маанилүү экендигин белгилеп кетмекчибиз. Ал шайлоо өнөктүгүнүн, партиялардын жана талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындуулугун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул, ошондой эле, жалган саясий маалыматтардын жайылтылышы менен күрөшүү үчүн күчтүү негиз боло алат.

Жооп иретиндеги куттуктоо сөзүндө Facebookтун мамлекеттик саясат боюнча директору Джордж Чен Кыргызстанда «Meta» катары

белгилүү болгон «Facebook family Appsтын» маанилүү ролун баса белгилеп кетти.

«Биз Кыргызстан Өкмөтү менен жакшы мамиледе болгонубузга сыймыктанабыз. Ал эми өткөн жумада биз Глазгодо (Шотландия) болуп өткөн COP 26 климаттык конференциясы учурунда биздин стендди келип көрүшкөн КР Президентин жана министрлер кабинетинин башчысынын орун басарларынын бирин кабыл алуу урматына ээ болдук. Президент Садыр Жапаров дүйнө менен алака түзүү жана Кыргызстандын имиджин көтөрүү үчүн социалдык медиа каражаттарын колдонуу зарылдыгы тууралуу белгилеп кетти. Биз Кыргызстан менен ар кыл өнүттө, анын ичинде шайлоолорго байланыштуу да иш алып барабыз, Борбордук шайлоо комиссиясынын муктаждыктарына колдоо көрсөтүү үчүн биздин кызматташтыгыбыз улана бермекчи» - деп баса белгиледи ал.

Facebook бар мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык контент (мазмун) боюнча коомчулуктун эрежелери тууралуу Борбордук Азиядагы жана Түштүк Азиядагы Ыкчам чара көрүү программасынын аймактык менеджери Наташа Джог кеңири баяндап берди.



«Бизде «Мета» платформасында каттоого алынган жазуулардын колдонуучуларынын жүрүм-турумунун стандарттары бар. Биз эмнелерге жол берип, эмнелерге тыюу сала тургандыгыбыз, ошондой эле бизде, атап айтканда, аккаунттардын аракеттерин токтотќондо кандай жаза колдонулаары тууралуу айткым келип жатат. Биз таптакыр кабылдабаган жана толугу менен тыюу салган белгилүү бир контенттер бар. Буга типтүү мисал катары - терроризмди, экстремизмди, балдарды эксплуатациялоо сыяктуу көрүнүштөрдү айтууга болот. Эгер биз «Мета» корпоративдик көз караштан ушул өндүү мыйзамсыз көрүнүштөргө күбө болсок, анда мындай Facebook пайдалануучуларды эсепке алуу жазууларына дароо бөгөт коёбуз. Бул биздин Facebook тарабынан берген кепилдигибиз. Мындай саясат Гонконгдо же Кыргызстанда болуп жатабы, ал маанилүү эмес, ал «Мета» иштеп жаткан бардык өлкөлөргө карата колдонулат.



Ал эми шайлоо мезгили тууралуу айтсак, ошол эле корпоративдик саясат колдонулат. Биз ыйгарым укуктуу орган, айталы, БШК тарабынан берилген арызга ылайык Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын бузган же алдамчылыкка жол берип, шайлоочуларды адаштырган, башкача айтканда, шайлоонун легитимдүүлүгүн бузган кандай гана контент болбосун, аны дароо өчүрүп салабыз. Андыктан, эгер биз далилдер жана фактылар менен тастыкталган расмий кат ала турган болсок, анда Facebookтун корпоративдик эрежелерин териштирүү боюнча комитетибиз ар бир жагдайды жекече карай тургандыгын Сизге убада беребиз. Анткени, биз шайлоонун чындыгы жана ачык-айкындуулугу сыяктуу маселеге өтө олуттуу мамиле жасайбыз.

Ачык-айкындуулук чаралары – тынымсыз жаңылап туруучу абдан маанилүү аспап болуп эсептелет. Бизде акыркы жаңылоо 6-ноябрда болгон.

Биз БШК менен иш алып барганыбызга абдан кубанычтабыз. Дүйнө жүзүндөгү бардык БШКлардын эң башкы максаты – чыгымдарга көзөмөл жүргүзүү, алар канчалык деңгээлде мыйзамдын чегинде жүргүзүлүп жаткандыгын, мыйзамда каралган лимиттен ашпагандыгын көзөмөлгө алуу. Аталган аспап силердин мыйзамдарда белгиленген лимиттен ким ашып жаткандыгын, ачык-айкындуулук болуш үчүн: бул адам кайда жүргөндүгүн, тигил же бул саясий жарнаманын артында кайсы саясий партия тургандыгын, ким бул жарнамага канча каражат сарптагандыгын көрүүгө мүмкүндүк берет» - деди Наташа Джог.

Джордж Чендин айтуусунда, КР БШК үчүн санариптик китепкана

Facebookта каттоого алынган аккаунттардан, Facebook пайдалануучуларды эсепке алуу жазууларынан чыгуучу потенциалдуу саясий жарнамаларга мониторинг жүргүзүү үчүн керек болгон бүткүл маалыматты алуунун булагына айланмакчы.

(Маалымат үчүн: Саясий жарнамалардын баары Жарнама китепканасына киргизилет, ага www.facebook.com/ads/library/report дарек боюнча кирүүгө болот, анын үстүнкү баракчасында Кыргызстан өлкөсүн тандоо керек).

«Биздин бардык тутумдарыбыз, бардык өлкөлөр үчүн, анын ичинде силердин өлкө үчүн да бирдей шартта иштейт. Силердин бул санариптик китепканадагы активдүүлүктү көзөмөлгө алууңар Кыргыз Республикасындагы иштеп жаткан шайлоо мыйзамдарынын талаптарына жараша болмокчу. Алсак, АКШда алар башка болсо, Кыргыз Республикасында алар башка экени белгилүү. Ишенип коюңуздар, тигил же бул Facebook пайдалануучуларды эсепке алуу жазууларынан чыккандардын баары санариптик китепканада чагылдырылат. Ал эми верификация тууралуу айтсак, биз БШК өзүнүн көзөмөл тизмесин жүргүзүүсү үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү камсыздайбыз. Верификация – бул талапкерлердин жалган аккаунттары үчүн коопчуулукту төмөндөтүүнүн мыкты ыкмасы, биз муну башка өлкөлөрдө да жасайбыз, саясий контент, жарнама менен байланышкандардын баарын биз Кыргызстан үчүн да сунуштамакчыбыз» - деп түшүндүрдү Джордж Чен.



Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча тараптар кызматташууну улантууга даярдыгын билдиришти жана КР БШК күтүлүүчү парламенттик шайлоого катышуучу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча каттоого алынган бардык партиялардын жана талапкерлердин тизмесин Facebookка көрсөтө тургандыгы тууралуу келишим түзүштү, муну менен өз саясатынын алкагында инсанды документалдык тастыктоо аркылуу идентификациялоо жүрмөкчү, бул учурда белгилүү аккаунт алдында кандай адам катталгандыгы белгилүү болот.

КР БШК төрагасы Facebookтун мүмкүн болгон даттанууларды жекече кароого даярдыгына ыраазычылыгын билдирди.

«Жалпысынан, учурда негизги талапкерлер жана партиялар өз билдирүүлөрүндө тыюу салынган ыкмаларды, тыюу салынган контенттерди колдонушпагандыгын көрүүгө болот. Бирок, азырынча бизде партиялардын негизги аккаунттарынын тар чөйрөсүнө гана мониторинг жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүгүбүз бар. Ал эми силерден маалымат ала турган болсок, соцтармактарда маалыматтык талааны, «МЕТА» тармактарынын бөлүгүндө мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болот, бул бизге чыныгы шайлоодо маалыматтык жагдайдын тазалыгы боюнча чараларды көрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү бермекчи.

Ал эле эмес, кандай гана маалыматтык аспап болбосун, аларды мыйзамдуу жана туура пайдалануу зарылдыгы жөнүндө шайлоонун бардык катышуучуларына эскертүү катары, бүгүнкү күндөгү жолугушуу фактысынын өзү эле канчалык маанилүү» - деп баса белгиледи, Н.Шайлдабекова.

## Саясий партиялардын шайлоо фонддоруна 147 509 628 сом түштү

Мыйзам ченемдерине ылайык саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн*:

1 500 000 сомдон ашуусу мүмкүн болбогон талапкердин өз каражаттарынан;

100 000 000 сомдон ашуусу мүмкүн болбогон, саясий партиянын өз каражаттарынан;

200 000 сомдон ашуусу мүмкүн болбогон, жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн;

3 000 000 сомдон ашуусу мүмкүн болбогон, юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

Мында талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондунун келип түшкөн

жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы 300 000 000 сомдон ашуусу мүмкүн эмес.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматка ылайык 2021-жылдын 10-ноябрына карата саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине жалпы суммасы 147 509 628 сом акча каражаттары түшкөн. Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды саясий партиялардын шайлоо фонддорунын каражаттарынан жабууга 124 453 617 сом сарпталган.

**Бир мандаттуу округдардан чыккан талапкерлер 300 адамга чейин кыскарды**

БШКга бир мандаттуу округдар боюнча шайлоого катышуудан баш тартуу боюнча 21 арыз түшкөн.

Ошентип, 2021-жылдын 11-ноябрына карата шайлоого 300 талапкер катышат.

**Облустар боюнча талапкерлердин саны төмөнкүдөй:**

• Баткен облусу – 37 талапкер,

• Ош облусу – 50 талапкер,

• Жалал-Абад облусу – 45 талапкер,

• Талас облусу – 13 талапкер,

• Чүй облусу – 60 талапкер,

• Бишкек шаары – 27 талапкер,

• Нарын облусу – 28 талапкер,

• Ысык-Көл – 39 талапкер.